УДК 378.124

Боталиева У.А., Самат кызы Ч.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТЕГИ МУГАЛИМ МЕНЕН ОКУУЧУНУН ОРТОСУНДАГЫ ШЕРИКТЕШТИКТИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗДЕРИ

*Бул макалада педагогикалык процесстеги окуучулар менен мугалимдин ортосундагы жандуу шериктештикти өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун негиздери болгон педагогдун милдеттери, педагогдун пикирлешүү маданияты, педагогикалык такты жана педагогикалык этикасы тууралуу сөз болмокчу.*

Балдардын сүйүүсүнө ээ болуу – мугалимдин эң негизги мүдөөсү болушу керек. Анткени мугалимди урматтап сүйүү аркылуу гана бала билим дүйнөсүнө аралашып, коомдун моралдык нарк-дөөлөттөрүн өздөштүрөт, таанып-билүү ишмердүүлүгү натыйжалуу ишке ашат.

Окутуунун жана тарбиялоонун методдору, ыкмалары, жолдору, формалары педагогдун балдарга деген мээрими жана гумандуулук сезими менен ширетилген анын ички дүйнөсү аркылуу өтсө гана натыйжа берет. Бул тууралуу советтик көрүнүктүү гуманист-педагог В.А.Сухомлинский мындай деп жазган: «*Ар бир бала - өзүнчө дүйнө, болгондо да өзгөчө, уникалдуу дүйнө, ошол өзгөчө дүйнө менен кылдат мамиле түзүп, аны түшүнүп, сезген адам гана аны тарбиялай алат*» [2].

В.А.Сухомлинскийдин эмгектерин окуган сайын анын оюн улам терең түшүнөсүң: окуучуларды ар тараптан гармониялуу тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн, окуу ишмердүүлүктөрүн активдештирүү үчүн акыл-эстүү түрдө тандалып алынган гармониялуу каражаттарды пайдалануу зарыл экендигин далилдейт.

Педагогдун негизги милдети – балдардын жашоосун уюштуруу, балдардын тарбиялоочу коллективин уюштуруу жана ага туура жетекчилик кылуу менен алардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн жөнгө салуу.

Педагог менен баланын ортосундагы жандуу шериктештикти эч бир окуу китеби менен алмаштырууга болбойт [2]. Анда ал шериктештиктин өнүгүшү үчүн эң башкы нерсе эмне болушу мүмкүн.

*Биринчиден,* биз кең пейил адам болуу менен балдарды ошо балалык турпатында сүйө билүүбүз керек. Шогубу же жоошубу, кежириби же элпегиби, зээндүүсүбү же орто заарыбы, жалкоосубу же аракетчилиби, баарын бирдей сүйүүгө тийишпиз. Кең пейилдик менен балдарды сүйүү аларга орой мамиле жасоого, алардын беделин түшүрүүгө, аларды коркутуп-үркүтүүгө, алардын ар биринин кубанычын, кайгы-капасын көрмөксөндүккө салууга мүмкүндүк бербейт. Балдарды сүйгөн, кабагына кар жаабаган, жайдары жүргөн, кең пейил педагог нукура педагогикалык турмушта жашап, ошонусу менен кесиптик бактыга ээ болот [3].

*Экинчиден,* биз балдарды түшүнө билүүбүз абзел. Бала жаш, бирок анын кылган иши жана көргөн камкордугу, буюму, оокат-тиричилиги өзү үчүн чоң жана маанилүү. Эгерде бала оюнчугун жоготуп коюп (*коночоок сака, куурчак ж.б.*) ошого ыйлап жаткан болсо, анда анын бул капасы биз өзүбүздүн эң аялуу буюмубузду (*алтын шакек, акчалуу капчык ж.б.*) жоготуп койгондогу капабыз менен эле барабар экендигин түшүнүүбүз керек. Аларга ушул учурда чоңдордун колдоосу, жардамга келүүсү, жок дегенде көңүлүн жубатаар сөз айтышы эң чоң

мааниге ээ. Тескерисинче анын айланасындагы чоңдор аны болор-болбос нерсе үчүн (чүкө же куурчак) ушунча чыр салып, ыйлап жаткандыгы үчүн урушуп, ал тургай жазалап дагы коебуз. Ал жоготкон оюнчук биз үчүн «болор-болбос нерсе» экенин, а бала үчүн баалуу буюм, оокат-тиричилигинин маанилүү каражаты экендигин билгибиз да келбейт жана ойлонбойбуз дагы [5].

Балдар өз ишмердүүлүктөрүнүн негизинде минут сайын, саат сайын, күн сайын эч тынымсыз өнүгүп жашашат. Эгерде биз балдарды чыныгы адам кылып өстүргүбүз келсе, анда алардын бүгүнкү балалык турмушун токтотуп, өздөрүнүн келечеги жөнүндө баш катырып ойлоого мажбурлоонун эч кандай зарылчылыгы жок [2].

Балдарды түшүнүү – демек, алардын балалык көз карашында туруп, ой-сезимин кадырлоо, алардын иши менен тиричилигин, мүдөө-максаттарын кадыресе чоң киши катары кабыл алып, алар менен эсептешүүбүз абзел.

Балдарды түшүнүү – демек, аларды өз бийлигибизге баш ийдирүү эмес, алардын бүгүнкү жашоо-турмушунун негизинде, эртеңки турмушунун бүчүрлөрүн пайда кылуу.

Баланын көңүл чабыттарын, жүрөк сырларын, анын ички сезими менен ышкысын түшүнүп, баланын турмушу менен жашай алган педагог нукура тарбия ишин жүргүзө алат да, бала, өз кезегинде, педагогдун жан жолдошуна айланат.

*Үчүнчүдөн,* биз оптимисттерден болушубуз керек. Биз өз дараметибизге, билимибизге, педагогикабызга, тарбиянын кайра жаратуучу күчүнө ишенүүгө милдеттүүбүз. Кээде айрым педагогдор кежир балдардын алдында өз алсыздыгын көрсөтөт: мисалы, *«бул балага алым жетпей калды»*; акыл-эсинин өнүгүшү кечеңдеген баланын жөндөмүнө ишенбейт *«мындан эч нерсе чыкпайт», «киши болбойт»* деген сыяктуу ж.б. [3].

Окутуу-тарбиялоодогу пессимизм, жигерсиздик баланын келечегин тирүүлөй көөмп коюу менен барабар; биздин оптимизм баланы шыктандырат, анын уйкудагы күчтөрүн ойготот. Албетте, сөз куру оптимизм жөнүндө эмес, баланын жекече өзгөчөлүгүнө, ички дүйнөсүнө педагогдун терең сүңгүп кирип, ошого жараша окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн методикалык жолдорун издөөсүн камсыз кылуучу иштиктүү оптимизм жөнүндө болуп жатат. Иштиктүү оптимизм педагогдон талыкпаган чыгармачылыкты, сабырдуулукту, изденүүнү талап кылат.

*Төртүнчүдөн*, биз келечектин адамынын жаңы типтеги ажарын чагылдырышыбыз керек. Мамлекеттик ынаным, бийик граждандуулук, жалпы ишке берилгендик, элдин, коомдун, мамлекеттин алдындагы, адамзаттын келечегинин алдындагы өзүбүздүн эң негизги кесиптик парзыбызды терең түшүнүү бизге так ошондой адам болууга мүмкүндүк берет [2].

Ар бир мугалим бир нече жүздөгөн тагдырларды жаратуучу болуп саналат. Класстарда устаканадагыдай эле тарбиялануучулардын бакты-таалайларына негиз даярдалат. Бизде бардыгы: жылмаюубуз да, катуулугубуз да, сабырдуулугубуз да, сезимталдыгыбыз да, акыйкаттуулугубуз да, интеллигенттигибиз да, жугумдуулугубуз да, билимибиз да, турмушту сүйүүбүз да, кийимибиз да, жүрүм-турумубуз да адамды суктандырып, куштар кылгыдай болууга тийиш. Башкача айтканда, адамдардагы башка адамга жаккандардын бардыгы бизге, мугалимге таандык болууга тийиш [1].

Өз ара мамилелерди туура түзүп, балдар менен жандуу кызматташтыкты түзүү үчүн мугалимге жардам берүүчү *педагогикалык такт* жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Мугалимдин педагогикалык тактын изилдеген бардык изилдөөчүлөр бул түшүнүктүн көлөмүн баса белгилешет да, анын жалпы бир аныктамасы жок экендигин айтышат.

Такт деген сөз түздөн-түз маанисинде «тийүү», «тийгизип коюу», «жандап өтүү» (прикосновение) дегенди түшүндүрөт. Бул адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салуучу нравалык категория [3].

Гуманизм принцибине негизденип, тактикалык жүрүм-турум эң татаал жана карама-каршы ситуацияларда да адамды сыйлоо сакталышын талап кылат. Тактичный болуу – ар бир адамга, өзгөчө педагогго коюлуучу нравалык талап. Мугалимдин педагогикалык такты анын кесиптик сапаты, анын чеберчилигинин бөлүгү. Ал мугалимдин инсандык сапаттарын эле белгилебестен, анын окуучуларга карата туура мамилени тандоону билүүсүн, б.а., балдарга тарбия берүүчү, натыйжалуу таасир этүүчү каражатты тандоону билүүсүн белгилейт.

Ошентип, педагогикалык такт – бул мугалимдин окуучуларга педагогикалык максатка багытталган таасир этүү өлчөмүн, пикирлешүүнүн натыйжалуу стилин түзүүнү билүүсү болуп саналат. Педагогикалык такт мектеп окуучулары менен пикирлешүүдө мугалимге чектен чыгуучулукка жол бербейт.

Жогоруда айтылгандай, педагогикалык тakттын болушу мугалимдерге балдар менен психологиялык контакты калыптандырууга жана колдоого, пикирлешүүнү оң эмоцияда түзүп кызматташууга мүмкүндүк берет. Педагогикалык тakттын талаптарын аткаруу менен мугалим пикирлешүүнүн демократиялык стилин өздөштүрөт, окуучулар менен пикирлешүүнүн чыныгы маданиятына жетишет.

Таасир этүүнү дозалоо (дозировка влияния) тарбия каражаттарын колдонууда көрүнөт жана педагог үчүн зарыл түшүнүк. Дарыны врач айткан өлчөмдө ичүү режимин кабыл алгандай эле, мугалимдин сөзү, анын ыкмалары да оптималдуу, жадатма эмес, таңууланбаган, орундуу, б.а., дозалуу болушу керек. Ар нерсенин чектен ашып кетиши тескери реакцияга алып келиши мүмкүн. Мисалы, *ашыкча талап кылуучулук – тил албоочулукка; ашыкча кечиримдүүлүк – көңүл кароочулукка; өтө жумшактык – оройлукка, жалкоолукка* [4].

Окуучуларды сыйлоо менен, мугалим балдарга болгон сүйүүсүн көрсөтө алат. Мугалимдин сыйлоосу балада өзүнүн жеке кадырын, баркын сезүүнү калыптандырат, педагогикалык таасир этүүгө баш ийбей, каршылык көрсөтүп жаткандарды багындырат. Сыйлоо, эркелетүү, жүрөктөн чыккан жылуулук талап кылуучулукту жокко чыгарбайт, тескерисинче аны жогорулатат, натыйжада, өз ара кызматташуу жакшы жолго коюлат.

Чыдамдуулук, сабырдуулук, өзүн-өзү башкара билүү түздөн-түз пикирлешүү менен айкалышы зарыл. Ал окуучуга болгон ишенимди көздөйт. Ишеним көрсөтүү окуучунун ишине ар дайым стимул болушу керек. Мугалимдин пикирлешүү маданияты, педагогикалык такты окуучулар менен болгон өз ара аракеттешүүнүн ар түрдүү формаларында көрүнөт: сабакта, класстан тышкаркы иштерде, эс алуу учурунда.

Мугалим менен окуучунун ортосундагы конфликттерди анализдеп көргөндө, көпчүлүгүнүн себеби жаш муундардын тышкы көрүнүшүнө, акылына,

жөндөмдүүлүгүнө карата мугалимдин орой эскертүүсүндө, педагогикалык этикасынын жоктугунда экендиги изилдөөлөрдө аныкталган.

Кээ бир мугалимдерге «эмне ойдолойсуң, алдыңа мык кагып койгонсуп», «ага сенин мээң жетмек беле», «колуңдан келбегенден кийин ага эмне кириштиң» деген өңдүү эскертүүсү нормалдуудай көрүнөт. Мындай педагогикалык да, адамдык да этикага жатпаган репликалар окуучулардын маанайына, психикасына эле эмес, өзүнө болгон ишенимине да доо кетирери айдан ачык. Ачуусу келген мугалим айрым бир окуучунун кайсы бир күндөрү, ким менен, кайда турганын, кандай кийинип алганын эстеп, класска жарыялап айтып урушушу мүмкүн. Мына ушундан кийин окуучунун ал мугалимге карата көз карашы, мамилеси өзгөрөт, окуучу ыза болот, аны эч кечиргиси келбейт, акырында жүрүп отуруп конфликт башталат [1].

Сабактын бардык этаптарында мугалимге педагогикалык такт, этика өтө зарыл. Өзгөчө, окуучулардын билимин текшерүүдө жана баалоодо педагог өзүнө өзгөчө көңүл буруусу керек. Бул жерде мугалимдин педагогикалык тактысы окуучунун жообун толук уга билүүдө көрүнөт. Бардык окуучулар көңүл коюп уккан мугалимге жооп бергенди жакшы көрүшөт. Бул мезгилде аларды көз караш, мимика, жылмаюу, баш ийкөө менен да колдоп туруу чоң мааниге ээ. Жооп учурунда аны бөлүүчү комментариялоо жагымсыз көрүнүш болуп саналат. Окутуунун жыйынтыгын баалоодо мугалим окуучунун дараметине жараша эмгегин баалоосу зарыл.

Педагогикалык тактыга мыкты ээ болгон, этикалуу, чебер мугалимдин сабагында кекеч балдар өзүнүн кемчилигин унутуп коюп кадимкидей шыр сүйлөп жооп берген көрүнүштөр болгондугу бизге белгилүү. Бул дагы пикирлешүү искусствосунун бир бөлүгү болуп саналат.

Педагогикалык этика чеберчилик менен бирге калыптанат, тарбияланат. Ал - окуучулар менен пикирлешүү билгичтигине ээ болуу үчүн өзүнүн үстүнөн жүргүзгөн чоң иштин, мугалимдин жан дүйнөсүнүн көсөмдүгүнүн натыйжасы. Баарынан мурда бул өсүп келе жаткан жаш муундардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана курак психологиясынын өзгөчөлүктөрүн билүү болуп саналат. Мугалимге булар менен катар эле бара-бара билгичтикке айланып, анан көндүмгө өтө турган окуучуларга таасир этүүнүн төмөндөгүдөй ыкмаларын билүү дагы зарыл:

- балдарды сүйүү, өз сүйүүсүн көрсөтүү;
- балдардын жүрүм-турумундагы ички пружинаны көрүү, байкоо жүргүзүү;
- абалга (кырдаалга) багытталуу;
- максатка ылайыктуу таасир этүү ыкмасын тандоо.

Педагогикалык процессте мугалим менен окуучулардын ортосундагы жандуу шериктештикти өнүктүрүүдө пикирлешүүнүн туура стилин пайдалануу, толеранттуулук, сабырдуулук, калыстык, башкалардын тажрыйбаларына креативдүүлүк менен мамиле кылуу, юморду түшүнүү жана колдонуу дагы чоң мааниге ээ. Мына ушулардын бардыгын иштеп чыгып, өзүнө сиңирип алган мугалим өзүнүн окуучуларынын инсандыгын дайыма сыйлоо менен өзүнүн жеке баркын да сактап кала алат жана алар менен болгон педагогикалык процесстеги өз ара кызматташууну, жандуу шериктештикти эффективдүү өнүктүрөт деп ойлойбуз.

Адабияттар:
1. Основы педагогического мастерство. /Под ред. Зязюна И.А. - М., 1989.
2. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям. - М., 1972.
3. Сластенин В.А. Педагогика. - М.,1998.
4. Станкин М.И. Профессиональные способности педагога. - М.,1998.
5. «Шоокум» Илим, турмуш жана маданият журналы. - Бишкек, 2013-2014-жж.